35.3. Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган айылдык кеңештин токтомдору айыл аймагында жашаган бардык жарандар, мамлекеттик бийликтин аймактык органдары, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарынын чектеринде ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан аткарылууга милдеттүү.

35.4. Айылдык кеңештин токтому менен таанышуу ачык болууга тийиш. Көчүрмөсү маалымат тактайларында жайгаштыруу аркылуу жана «Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган башка каражаттар аркылуу жалпыга маалымдалууга жатат.

**36-глава. Айылдык кеңештин токтомун жол-жоболоштуруунун тартиби**

Айылдык кеңештин токтомунун текстин жол-жоболоштуруунун тартиби жана түзүмдүк элементтери, айылдык кеңештин токтомуна өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүүнүн тартиби, аны күчүн жоготту деп таануу «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11, 12 жана 17-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык ишке ашырылат.

**37-глава. Айылдык кеңешке токтомдун долбоорун киргизүүнүн тартиби**

37.1. Айылдык кеңештин сессиясына киргизилүүчү документтердин пакетинде төмөндөгүлөр камтылууга тийиш:

— тийиштүү туруктуу (убактылуу) комиссиялардын төрагалары менен макулдашуу боюнча
айылдык кеңештин төрагасы тарабынан жактырылган, айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы даярдаган токтомдун долбоору;

— токтомдун долбооруна маалымкат-негиздеме (маалымат);

— салыштырма таблица (колдонуудагы токтомго өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор киргизилген учурда);

— тийиштүү туруктуу (убактылуу) комиссиялардын корутундусу же чечими;

— токтомдун долбоорун мамлекеттик органдардын тийиштүү бөлүмдөрү, уюмдар, мекемелер, ишканалар, жергиликтүү жамааттар (зарылчылыкка жараша) менен макулдашылганы жөнүндө маалымат камтылган документтер;

— экспертиза жүргүзүүнүн (зарылчылыкка жараша) натыйжасында даярдалган эксперттик корутундулар.

37.2. Айылдык кеңештин токтому мамлекеттик жана расмий тилдерде киргизилет жана кабыл алынат.

Айыл аймагында жашаган мамлекеттик тилди билгендердин саны басымдуулук кылган шартта жана айылдык кеңештин токтомун мамлекеттик тилде киргизүү жана кабыл алуу
тууралуу айылдык кеңештин чечими болсо, айылдык кеңештин токтомун мамлекеттик тилде гана кабыл алууга жол берилет.

37.3. Регламенттин жана «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен даярдалып кароого киргизилген токтомдун долбоору белгиленген тартипте бузуулар четтетилгенге чейин
кайтарылып берилүүгө жатат.

37.4. Айылдык кеңештин кароосуна киргизилген токтомдун долбоорунун текстинде:

— беттин оң жактагы жогорку бурчуна «Долбоор» деп жазылат;

— «Долбоор» деген сөздүн алдына долбоорду киргизген демилгечи (же кимге тапшырылганы) жана долбоор киргизилген дата көрсөтүлөт;

— төмөнүрөөктө, беттин ортосунда документтин аталышы берилет
« жөнүндө АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ»;

— андан ары «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз